мектептердин предметтик окуу программаларына туура келип сунуш кылынган темалардын максатын, милдетин чагылдырышы керек. Ал эми мугалим окуучунун өз оюн кантип туюнтуп, кантип талдаганын, жалпылаганын, баалаганын анализдеп, анын негизинде өзүнүн окутуу ыкмасын жөнгө салуу үчүн түрдүү методикалык ыкмаларды жана каражаттарды орду менен колдонуу зарыл.

Жыйынтыктап айтканда, сабакта окуучунун жетишкендиктерин колдоп жана аларды ийгиликке шыктандыруу максатында калыптандыруучу баалоонун «Кол менен белги берүү», «шыбырап айтуу», «күндөлүккө жазуу», «бир сүйлөм менен жалпылоо», «температураны өлчөө» өңдүү ыкмаларды пайдаланууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асанакунов Т.А., Мусаева В.И. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. – Б., 2015
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык-практикалык маселелери. – Б., 2011
3. Выготский Л.С. Избранные психологические исследования. – М.,1968
4. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү. – Б., 2014
5. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б., 2009
6. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери. – Б., 2011



УДК 371
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-167-171



**Садыкова К.**
И.Арабаев атындагы КМУ, мамлекеттик тил жана маданият институту, ага окутуучу
**Садыкова К.**
КГУ им. И.Арабава, институт государственного языка и культуры, старший преподаватель
**Sadykova K.**
KSU them. I. Arabav, Institute of State Language and Culture, Senior Lecturer


# ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН БИЛИМ САПАТЫН ЖОГОРУЛАТУУДАГЫ РОЛУ
# РОЛЬ ОЦЕНКИ УСПЕВАЕМОСТИ В ОБУЧЕНИИ УЧАЩИХСЯ В ПОВЫШЕНИИ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ
# THE ROLE OF STUDENT ASSESSMENT IN STUDENT LEARNING IN IMPROVING THE QUALITY OF EDUCATION


**Аннотация:** Бул макалада билим берүүнүн сапатын жогорулатууда окуучулардын билимин баалоонун орду иликтөөгө алынат. Баалоого окутуу процессинин өзөгү катары мамиле жасалат. Диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоолордун методикалык аспекттери талданат.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается роль оценивания учащихся в повышении качества образования. Оценка рассматривается как основа процесса обучения. Анализируются методологические аспекты диагностического, формативного и итогового оценивания.

**Abstract:** This article discusses the role of student assessment in improving the quality of education. Assessment is seen as the basis of the learning process. The methodological aspects of diagnostic, formative and final assessment are analyzed.

**Негизги сөздөр:** баалоо, диагностикалык баалоо, калыптандыруучу баалоо, жыйынтыктоочу баалоо, окуучунун жетишкендиги, сынак иштери, билим берүүнүн сапаты.

**Ключевые слова:** оценивание, диагностическое оценивание, формирующее оценивание, итоговое оценивание, успеваемость учащихся, тесты, качество образования.

**Key words:** assessment, diagnostic assessment, formative assessment, final assessment, student achievement, tests, quality of education.

Акыркы жылдарда билим берүү процессинде сапаттык өзгөрүүлөр болуп келүүдө, мурда негизги максат катары билим берүүгө басым жасалып келген болсо, кийинки учурда окуучунун жалпы көндүмдөрүн калыптандырууга көңүл бурулууда. Бул өз кезегинде баалоо системасынын өзгөрүшүнө алып келди, билим берүүнүн азыркы шартында салттуу түрдөгү баа коюуга негизделген баалоо системасы да өзгөрүүгө муктаж. Жалпы кабыл алынган «баа коюу» системасы мектеп жана мугалим үчүн окуучунун жетишүүсүн сырттан көзөмөлдөөнү шарттайт. Ошондой эле мындай баалоо окуучунун баалоодогу өз алдынчалыгын калыптандырууга мүмк€нчүлүк бербейт, окутууну индивидуалдаштырууга тоскоолдук жаратат. Мындай шартта мугалим үчүн ар бир окуучунун окуудагы чыныгы ийгилигин, жетишкендиктерин мурунку өздөштүрүп келген натыйжалары менен салыштырып туура баа берип жана белгилеп туруу кыйыныраак жана маалымат да аз болот.

Баа коюунун (3, 4, 5) формалдуулугуна, критерийлеринин жашыруундуулугуна байланыштуу окуучулардын чыныгы билим деңгээлин так белгилөөгө болбойт. Мындан тышкары, эң негизгиси, кийинки багытын таразалап, эмнени жакшыртып, кандай жетишпестиктерди, кемчиликтерди оңдоо керектиги жана бул канчалык деңгээлде окуучу үчүн зарыл экендигин аныктоого мүмкүн эмес, көпчүлүк учурда көңүл оорутуучу мүнөздө болот.

Ошентип, дээрлик мугалимден көз каранды болгон «баа коюу» системасы бир жагынан окуучуга, экинчиден ата-энелерге багытталган манипуляциялоо жана психологиялык курал болуп калат, бул баалоодо мугалимдин окуучулар менен кайтарым байланышы көбүнчө окуучунун натыйжалуу окуусуна эмес, жардам берүү үчүн эмес, социалдык жана башкаруучулук максатта жүргүзүлөт. Мугалимдер окуучунун сапаттык жетишкендиктерин эмес, аткарылган жумуштун көлөмүнө, формасына баа коюуга көнүп алышкан. Алар дайыма окуучуларды бири-бирине салыштырууга аракеттенишет, бирөөнүн артыкчылыгын белгилешет, бул болсо алардагы активдүүлүктү, дилгирликти басаңдатат, айрым жетишүүсү начар окуучуну кысынтып, алдыңкы окуучулардын да толук кандуу өсүп жетилүүсүнө өбөлгө түзбөйт.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо окутуудагы терс көрүнүштөрдү четтетүүгө мүмкүндүк берүүчү окуу процессин жекелештирүүгө ыңгайлаштырган, окууга болгон ички каалоону ойготуучу жана окуучунун окуп-үйрөнүүдөгү өз алдынчалыгын жогорулатуучу олуттуу мамиле, аракет зарыл.

Баалоонун мындай формаларынын бири – калыптандыруучу баалоо, баалоонун бул түрүн окуп-үйрөнүүнү жакшыртуу үчүн баалоо деп атаса да болот.

Калыптандыруучу баалоо инсанга багытталган окутуп-үйрөтүүнү жүзөгө ашыруучу мамиле болуп саналат, ушуга байланыштуу мугалимдин ролу да өзгөрөт. Инсанга

багытталган окутуудагы технологиялар окуу процессин субъект // субъект кызматташтыгы аркылуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, мугалим менен окуучунун кызматташуусу үзгүлтүккө учурабайт, тескерисинче, чыңдалат. Калыптандыруучу баалоодо баалоо тынымсыз жүргүзүлүп турат да, сапаттуу жыйынтыкка карай жакындоо процессинин өзү бааланат. Окуучунун жеке өзүнө таандык кайталангыс ийгиликтери башка окуучулардын жетишкендиктерине салыштырылбастан бааланат.

Окуучу өз алдынча жана аң-сезимдүү түрдө өз кемчиликтерин аныктайт да, аны оңдоонун жолун мугалим менен биргеликте издейт. Мында ар бир окуучунун өз алдынча үзгүлтүксүз окуп-үйрөнүү процессиндеги өсүшүнө басым жасалат. Окуучу өзүн-өзү көзөмөлгө алат, ал өзүн текшерүү, баалоо көндүмүнө ээ болот. Баалоонун жаңы формалары окутуунун инсанга багытталган метод-ыкмалары менен айкалышып окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнө оң таасирин тийгизет.

Окутуу – бул максаттуу багытталган процесс, ал эми баалоо – процесстин өзөгү. Окуп-үйрөтүү процессинде баалоонун ар кандай түрлөрүн жана ыкмаларын натыйжалуу пайдалануу зарыл. Окуучулар өз билимдерин жөндөмдөрүн, дагы эмнелерге көбүрөөк көңүл буруу зарыл экендигин билүүгө мүмкүнчүлүк алышат, ал эми мугалимдер үчүн окутуунун мазмунун окуучуларга тереңирээк түшүнүүсүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсүнө шарт түзүлөт.

Баалоонун ар кандай түрлөрүн окуучулардын көндүмдөрү жана теманы түшүнгөндүгү жөнүндө маалымат чогултуу үчүн пайдалана билүү окуучулардын жетишкендиктерин натыйжалуу баалоонун негизги шарты болуп саналат. Окуучунун жетишүүсү тууралуу мугалим алган маалымат бардык окуучулардын муктаждыктарын жана жөндөмдөрүн эске алуу үчүн окутуп-үйрөтүүнү индивидуалдаштырууга эле мүмкүндүк бербестен, окуучулардын өздөрүнүн учурдагы жана келечектеги окуп-үйрөнүүсүн көзөмөлдөө билгичтигин эң жогорку деңгээлде калыптандыруусуна шарт түзөт.

Кийинки мезгилде мектептеги билим берүү түшүнүгүндө БААЛОО, БАА БЕРҮҮ жана БАА КОЮУ синоним катары колдонулат, бирок булардын ортосунда айырмачылыктар бар.

БААЛОО – бул окутуудагы жетишкендиктерди өлчөөнүн жана маселелерди аныктап алуунун, кайтарым байланыш жүргүзүүнүн, билим берүү процессинин катышуучуларына (окуучуларга, мугалимдерге, ата-энелерге ж.б.) жана мамлекетке билим берүүнүн проблемалары, жетишкендиктери тууралуу билдирип туруунун негизги каражаты.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасы – бул окуучулардын билим берүү программасын (пландаштырылган билим берүү натыйжасына жетишүү) өздөштүрүү сапатын баалоо системасы, билим берүү процессинин эң маанилүү элементи.

Баалоо – бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу тууралуу маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

Баа берүү – бул баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги, кайтарым байланыш жасоо, баалоо ишмердигиндеги сапаттык маалымат.

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка мүнөздөгү шарттуу формалдык, сандык белги аркылуу туюнтулушу, белгиси, символу баа коюу болуп саналат.

Окуучулардын окуу процессиндеги ишмердигинин сапаттуу натыйжаларын камсыздай турган заманбап баалоо системасы төмөндөгүдөй болушу шарт:

- Билим берүү процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү, жеткиликтүү болуусу;

- Ийкемдүүлүгү;

- Түрдүү ыкмалардын колдонулушу;

- Психологиялык жагымдуу жагдайдын түзүлүшү;

- Баалоонун бардык (диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу) түрлөрү айкалыштырылышы керек.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун максаты – алынган билим натыйжаларынын алдын ала пландаштырылган натыйжаларга канчалык дал келерин аныктоо. Мугалим үчүн да, окуучу үчүн да өз иш-аракеттерин пландаштырууда баалоонун максаттары тууралуу, дегеле, баалоонун түрлөрү жана алардын ар биринин максаттары жөнүндө өз алдынча билүүсү зарыл. Мектепте билим берүү процессинде баалоонун диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу түрлөрү колдонулат.

Диагноздоочу баалоо – бул окуучунун компетенттүүлүгүнүн алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо, бул баалоонун максаты тиешелүү предметтик курста окутула турган темалардын же бөлүмдөрдүн башталышында окуучулардын окуп-үйрөнүү максатына канчалык жакын же алыстыгын аныктап-тактап алууда турат. Диагноздоочу баалоо мугалимдин окуу планына, окуучулардын муктаждыгына жооп бергидей же аларды окутуунун мазмунуна көмөктөшкүдөй оңдоолорду, түзөтүүлөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет. Диагноздоочу баалоо предмет боюнча окуп-үйрөнгөндүк деңгээлин жана тигил же бул көндүмдөрүн, компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлин алдын ала талдоо болуп саналат.

Калыптандыруучу баалоо – бул окуучунун окуп-үйрөнүүсүнө максаттуу, үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси, баа коюлбаган баалоо, формалдык эмес баалоо. Калыптандыруучу баалоо процесси мугалим үчүн окуучуну окуп-үйрөнүү максаттарына жакындатуу болсо, ал эми окуучуга өзүнүн билим алуусундагы жоопкерчилигин аңдап-сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Калыптандыруучу баалоо күн сайын, ар бир сабакта, күнүмдүк практикада окуучу үчүн да, мугалим үчүн да ыңгайлуу формада колдонулат.

Жыйынтыктоочу баалоо белгилүү убакыт аралыгында теманы, бөлүмдү аяктаган учурда окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин аныктайт. Жыйынтыктоочу баалоо ар түрдүү текшерүүчү (дил баян, эссе, долбоор, текшерүү иштери, жат жазуу, тест ж.б.) иштердин жыйынтыктары боюнча жүргүзүлөт. Жалпы текшерүү иштерине коюлуп жүргөн баалар жыйынтыктоочу бааларды коюу үчүн негиз болуп саналат. Бул баалоонун максаты – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтик, көндүмдөрүн калыптандырүү деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкештигин аныктоо.

Азыркы учурда жыйынтыктоочу баалоого көзөмөлдөөчү-текшерүүчү иштердин ар кандай түрлөрү кирет, текшерүүчү тапшырмалар-суроолор мамлекеттик билим берүү стандартынын жана предметтер боюнча түзүлгөн окуу программаларынын негизинде иштелип чыгат.

Окуучулардын жетишкендик деңгээлин аныктоо үчүн мугалимдер, демейде, варианттуу суроолордун иштелмелерин, тесттерди же окуу китебинин аягында сунушталган суроолорду колдонушат. Ошондой эле мугалимдер өздөрүнүн жеке тажрыйбасына таянып,

кошумча булактардан пайдаланып өз алдынча тапшырмаларды, суроолорду даярдашы мүмкүн.

Жыйынтыктоочу (чейректик, жылдык) жалпы сынак иштерин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде түзүлгөн, сунушталган суроолор пайдаланылат.

Баалоонун түрдүү ыкмаларынын колдонулушу окуучунун таанып-билүү ишмердүүлүгүнө ошол эле учурда мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүнө өзүнүн оң таасирин тийгизет. Терең, чың, сапаттуу билим алуу инсандык сапатка байланыштуу, ар бир окуучу өзү жетишкен натыйжаларды жакшырта аларына бекем ишенүүсү маанилүү, окуучу дайыма билүүгө тийиш баалоо процессинде анын өзү эмес, аракети жана аткарган иши бааланат, анын окуусундагы кемчиликтери эмес ийгиликтери, жетишкендиктери белгиленет.

Окутуунун сапатын арттыруу үчүн ар бир өтүлүүчү сабактын максаты окуучунун позициясынан коюлушуу шарт жана аны баалоонун критерийлери реалдуу аракеттерге ылайык болушу керек. Баа коюуда мугалимдин калыстыгы, адилеттүүлүгү маанилүү, жакшы баа кандайдыр бир даражада окуучуну шыктандырат, аракеттерин өнүктүрүүгө мотивация берет. Бул окуучулардын өзүнө болгон ишенимин ойготуп, предмет боюнча алган билимин баалай алуусуна, ойлорун аргументтештирүүгө, алган баасына ынануусуна мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Асанакунов Т.А., Мусаева В.И. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. – Б., 2015
2. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык-практикалык маселелери. – Б., 2011
3. Выготский Л.С. Избранные психологические исследования. – М.,1968
4. Рысбаев С.К. Окуучунун сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү. – Б., 2014
5. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Б., 2009
6. Чыманов Ж.А. Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери. – Б., 2011



УДК: 370 (52)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-171-179



**Самаров Айбек**
И.Арабаев атындагы КМУ, педагогика кафедрасы, изденүүчү
**Самаров Айбек,**
КГУ им.И.Арабаева, кафедра педагогики, соискатель
**Samarov Aibek**,
KSU I. Arabaev, Department of Pedagogy, applicant


## ГЛОБАЛДАШТЫРУУ ПРОЦЕССТЕРИНИН ДООРУНДА ЯПОНИЯДА ЗАМАНБАП ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
## СОВРЕМЕННОЕ ВЫСШЕЕ ОБРАЗОВАНИЕ ЯПОНИИ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИОННЫХ ПРОЦЕССОВ
## MODERN HIGHER EDUCATION IN JAPAN IN THE ERA OF GLOBALIZATION PROCESSES